Кабыл алынды:
№ _1_ пед.кеңешме
«30» __08__ 2021 -жыл

# Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинде ички көзөмөл жүргүзүү боюнча ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Бул жобо Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин уставынын негизинде кабыл алынды.

1.2. Мектеп ичиндеги көзөмөл — бул эң негизги мектептин администрациясы тарабынан колдонулган ички көзөмөл, эң негизги мектептин окуу процессинде жүргүзүлгөн ички көзөмөл.

1.3. Мектептин ички көзөмөл жобосу мектептин педагогикалык кеңешмесинде бекитилет жана ага ар кандай сунуштар, кошумча же өзгөртүүлөр киргизилет,

## 2. Жобонун эң негизги максаттары:

2.1. Мектепте билим берүү сапатын жакшыртуу, мектептеги мугалимдердин сабак берүү ыкмаларын кеңейтүү жана сапатын көтөрүү

2.2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү» закондун негизги нормативдүү укугун, актыларын педагогикалык коллективге жеткирүү жана аларды аткарууда көзөмөл жүргүзүү.

2.3. Укуктуу нормативдүү актыларга баш ийбеген кемчиликтерге көңүл буруу жана аларды жоюу.

2.4. Педагогикалык коллективдин билим берүүдөгү ийгиликтерин жана аракеттерин мектептин ичинде жайылтуу.

2.5. Жаш мугалимдерге жана усулдук жардамга муктаж мугалимдерге ар тараптуу усулдук жардам берүү

2.6. Мугалимдерге үзүрлүү билим берүүгө жана ийгиликтүү иштөөгө шарт түзүү.

2.7. Мектептин ичиндеги буйруктарга баш ийүү жана аларды аткаруу

2.8. Мектеп директору жана директордун буйругу менен окуу завучтар же болбосо комиссиялардын мүчөлөрү ички көзөмөлгө катыша алат:

2.8.1. «Билим берүү» закондорду, окуу программаларды жана окуу пландарды аткарууда көзөмөл кылуу.

2.8.2. Мектептин уставына баш ийүү жана ички көзөмөлдү сактоо

2.8.3. Мектептин ичинде өтүлгөн аттестация өткөрүүдө жана окуучулардын жетишүү процессин көзөмөлдөө.

2.8.4. Окуучулардын тамактануусу жана алардын ден-соолугун сактоо

3. **Мугалимдердин ишмердүүлүгүн аныктоодо төмөнкү талаптар көзөмөлгө алынат:**
   3.1. Окуу программаны толук өтүлгөнү;
   3.2. Окуучулардын сабактардагы билим деңгээли;
   3.3. Мугалимдин окуучуларга жасаган жекече мамилеси;
   3.4. Ар бир балага жекече жана жаш курагына жараша мамилеси;
   3.5. Мугалим жана окуучунун ортосундагы түшүнүк мамиле (тыгыз мамиле);
   3.6. Мугалим сабакка кошумча материал жана ар кандай ыкмаларды, куралдарды, жаңы интерактивдүү ыкмаларга ылайык кошумча материалдарды колдонуусу;
   3.7. Ар кандай педагогикалык абалдардан (ситуация) чыгуу.

**Мугалимдин иш тажрыйбасын ички көзөмөлдө аныктоо жолдору**

1. Анкета уюштуруу;
2. Тест өткөрүү;
3. Мониторинг;
4. Байкоо;
5. Документациялары менен таанышуу;
6. Сабактарына анализ берүү (жеке анализ);
7. Окуучуларынын аң сезими жана алардын сабактан жетишкен жыйынтыктарын байкоо, аныктоо.

**Ички көзөмөл өткөрүү методдору**

1. Байкоо;
2. Оозеки сурамжылоо;
3. Жазуу түрүндө (тест);
4. Анкета;
5. Документацияларды текшерүү;

Мектептеги ички көзөмөл план графиктин негизинде жүргүзүлөт.

Окуу жылдын башында педагогикалык кеңешмеде ички көзөмөл графиги бекитилип жана мугалимдерге жеткирилет.

Ички көзөмөл пландын эң негизгиси — бул билим сапатын жакшыртуу.

Ар кандай талаш-тартыш абалдар мектеп ичинде орун алса, аларды кароо жана жоюу (ата-энелер — мугалим, ата-энелер — класс жетекчи, ата-энелер — администрация, мугалим — окуучу — ата-эне).

Мектептин ички көзөмөлүнө окуудагы жана окуучуларга тарбия берүүдө мониторинг өткөрүү кирет. Окуучулардын ден-соолугуна кам көрүү, аларды ар кандай коопсуздуктардан коргоо.

**Жекече кесиптик көзөмөл**

1. Мугалим өзүнүн билим деңгээлин жогорулатып туруу керек;
2. Мугалим өзүнүн жөндөмүн көрсөтө билиши керек;
3. Мугалим азыркы талапка ылайык ар кандай интерактивдүү ыкмаларды сабагында колдоно билүүсү керек;
4. Мугалимдин изденүүсү, мастер класс, ачык сабактары:
   4.1 Мугалимдин календарлык планы (программа аткарылышы боюнча) окуу программалары, окуу жылына түзүлөт жана усулдук бирикмеде талкууланып директор тарабынан бекитилет.
   4.2 Календардык план менен сабактын планы бир-бирине айкалышы керек (мөөнөтү менен).
   4.3 Класстык журналдарга баалар убагында коюлушу, күндөлүктөрдүн жана окуу дептерлерди өз учурунда текшерүү.
   Тарбия пландар жана ата-энелер менен иштөө иш мерчемдери класс жетекчи тарабынан түзүлүп бекитилет.
   4.4 Окуучуларга жана ата-энелерге мониторинг өтүү (анкета түзүп өткөрүү)

**Класстын жыйынтыктоо көзөмөлү.**

- Ар бир сабактын билим деңгээлин текшерүү;
- Класстын сабактарга болгон умтулуусун сабактардын билим сапатын аныктоо;
- Ар кандай тесттерден, анкеталардан өтүү;
- Класстын тарбия иштеринин абалын текшерүү. Көзөмөлдүн жыйынтыгы педагогикалык кеңешмеде же директор алдындагы кеңешмеде, класстык жыйынында, ата-энелер жыйналышында угузулат.